**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз 21-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**2026-жылдын "02"сентябрь №21-1** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө**.

Араван аймактык шайлоо комиссиясынын резервдик курамын толуктоо максатындагы кайрылууну жана Дөбө-Коргон участкалык шайлоо комиссиясынын резервдик курамына талапкерлерди көрсөтүү боюнча өткөрүлгөн чогулуштардын протоколдорунун негизинде "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жетекчиликке алып жана депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши toктом кылат:

1.Дөбө-Коргон айыл аймагындагы 12 (он эки) участкалык шайлоо комиссияларынын резервдик курамына кошумча сунушталган талапкерлер №1 тиркемеге ылайык бекитилсин. (№1тиркеме тиркелет)
2. Дөбө-Коргон айыл аймагындагы участкалык шайлоо комиссияларынын резервдик курамына кошумча сунушталган талапкерлердин тийиштүү документтерин тактоо жана даярдоо айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы М.Муминовага жана айыл башчыларына тапшырылсын.
3. Айыл өкмөтүнө участкалык шайлоо комиссияларынын резервдик курамына сунушталган талапкерлердин тийиштүү документтери Араван АШКна жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн (https://dobo-korgon/gov) расмий веб-сайтында жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ош облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5.Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин социалдык маданий, укук тартип, депутаттык этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз**
**21-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**2026-жылдын “02”сентябрь №21-2** **Кайрагач-Арык айылы**

**Араван аймактык шайлоо комиссиясынын резервдик курамына талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө**

Араван аймактык шайлоо комиссиясынын резервдик курамын толуктоо максатындагы кайрылууну жана Дөбө-Коргон айыл аймагынан Араван аймактык шайлоо комиссиясынын резервдик курамына талапкерлерди көрсөтүү боюнча өткөрүлгөн чогулуштардын протоколдорунун негизинде “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жетекчиликке алып жана депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Араван аймактык шайлоо комиссиясынын резервдик курамына талапкерлерди көрсөтүү боюнча Дөбө-Коргон айыл аймагында өткөрүлгөн чогулуштардын протоколдору бекитилсин №1 тиркемеге ылайык бекитилсин. (№1тиркеме тиркелет).

2.Ушул токтом Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн (https://dobo-korgon/gov) расмий веб-сайтында жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ош облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн

3. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

4.Токтом Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынан жөнөтүлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br><br>ДӨБӨ-КОРГОН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ДОБО-КОРГОНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз**
**21-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**2026-жылдын “02”сентябрь №21-3** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн айыл аймагында жайгашкан Бой-Тобу участкасына макам берүү жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл аймагындагы Кайрагач-Арык айылында жайгашкан Бой-Тобу участкасынын жарандары арыз менен кайрылып, участкада жашоочулардын саны ашкандыктан макам алууну суранган Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүшү тууралуу 2019-жылдын 8-июлундагы № 83, 2024-жылдын 18-июлундагы № 129 мыйзамдарынын редакцияларына ылайык, Дөбө-Коргон аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Бой-Тобу участкасына макам берүүгө макулдук берилсин.
2. Документтерди даярдоо иштери айыл өкмөткө милдеттендирилсин.
3. Ушул токтом Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн (https://dobo-korgon/gov) расмий веб-сайтында жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ош облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Бул токтомдун көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

Төрага: А.Сатвалдиев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз 21-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**2026-жылдын “02”сентябрь №21-4** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айылдык аймагына караштуу айылдардын Башкы планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу архитектура, курулуш жана турак-жай, коммуналдык чарба,мамлекеттик агенттнине караштуу Шаар куруу жана архитектура департаментинин Дөбө-Коргон айыл аймагындагы Лангар, Кайрагач-Арык жана Интернационал айылдарынын Башкы пландарынын долбоорун бекитүү жөнүндөгү сунушун сессияда угулуп жана талкуулап, Дөбө-Коргон айыл аймагынын айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айылдык аймагындагы Лангар, Кайрагач-Арык жана Интернационал айылдарынын Башкы пландарынын долбоору алымча-кошумчасы менен бекитилсин.

2. Башкы пландын документтерин даярдоо иштери айыл өкмөтүнүн жер маселелери боюнча адистери З.Азимов, И.Джураев жана айыл өкмөтүнүн юристи А.Эргашовго милдеттендирилсин.

3 Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев